Ош облустук коомдук-саясый гезити
www.oshinfo.kg
# Ош жаңырыгы
ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"
№21 [16979] ИШЕМБИ, 16/08/2025

## БЫШЫК БИЛИМ, ТАТЫКТУУ ТАРБИЯ - МЕКТЕПТИН ИЙГИЛИК АЧКЫЧЫ




5-бетте

## УЛУТТУК БАНК МЫЙЗАМСЫЗ ИШ АЛЫП БАРГАН УЮМДАРДАН АЛЫС БОЛУУНУ ЭСКЕРТЕТ



4-бетте

## Жаңы медициналык борбордун курулушу башталды



2-бетте

## АК БАТАНЫН ЭЭЛЕРИ



8-бетте

## Кылычын алып кыш келсе даярдык кандай?



6-бетте

Ош облустук коомдук-саясий гезити
Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ
Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан
Кыдыралиева

Нөөмөтчү
Б.Ысакова

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

Буюртма №: 1019
Нускасы: 1700

Реквизиттер:
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

Дареги: 723500, Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: 7–13–34
Жооптуу катчы: 7–10–02
Жарнак бөлүмү: 7–11–31
E-mail: oshjan@mail.ru

Гезитибиздин сайтына жогорудагы QR-код аркылуу кириңиз.

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен,
"Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

# Объектилердин даярдыгы текшерилди

Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын жетекчисинин орун басары – Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин даярдоо боюнча башкармалыгынын начальниги Азамат Кадыралиев Ош облусуна иш сапары менен келди.

Сапардын алкагында ал 31-август – Эгемендүүлүк күнүнө карата пайдаланууга берилүүчү инфраструктуралык жана социалдык объектилердин даярдыгы менен таанышып чыкты.

Азамат Кадыралиевге КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эльчибек Джантаев Өзгөн–Мырза-Аке–Кара-Кулжа унаа жолунун капиталдык оңдоо иштеринин жүрүшү жана башка объектилер боюнча маалымат берди. Ошондой эле объектилерди пайдаланууга берүү боюнча көрүлүп жаткан даярдыктар талкууланып, тиешелүү сунуш-пикирлер айтылды.



# Жаңы медициналык борбордун курулушу башталды



Кара-Суу районунун Датка айыл аймагында "Саламат" санаторий-клиникасынын жаңы имаратынын курулуш иштери башталып, капсула салуу аземи өткөрүлдү.

Иш-чарага Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эльчибек Джантаев, райондук жетекчилик жана медицина кызматкерлери катышты.

Жаңы медициналык борбор 5 кабаттуу болуп, 70 орунга эсептелген. Ал заманбап медициналык жабдуулар менен камсыздалып, өз ичине операциялык блокту, толук кандуу реабилитация борборун жана билим алмашууга арналган конференц-залды камтыйт. Долбоор ишке ашырылгандан кийин 100 жаңы жумуш орду түзүлөт.

Курулуштун жалпы сметалык баасы 300 млн сомду түзөт. Имарат пайдаланууга берилген соң, аймактагы 450 миңге жакын тургун сапаттуу медициналык кызмат менен камсыздалат.

# Жарандарды жеке маселелер боюнча кабыл алуу болду

Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Илияз Ташбаев облус аймагынан келген жарандарды жеке маселелери боюнча кабыл алды.

Кабыл алууда тургундар негизинен жер тилкеси, турак жай, мыйзамсыз курулуш, талаш маселесин чечүүгө көмөктөшүү жана материалдык жардам алуу сыяктуу турмуштук маанилүү маселелерин көтөрүштү.

Өкүлдүн орун басары ар бир кайрылууну жеке угуп, тиешелүү жетекчилер — акимдер жана айыл өкмөт башчылары менен түз байланышып, маселелерди ыкчам жана натыйжалуу чечүү үчүн тапшырмаларды берди.

Белгилесек, жарандарды жеке маселелери боюнча кабыл алуу ар аптанын шейшемби күнү, саат 14:00дө өткөрүлөт.



# Ноокатта Чечме-Сай каналы тазаланууда



Ош облусунун башчысы Эльчибек Джантаевдин тапшырмасынын негизинде Ноокат районунун Кара-Таш айыл өкмөтүнүн аймагындагы жалпы узундугу 1500 метр болгон Чечме-Сай каналы тазаланууда. Ишти аткарууга зарыл болгон күйүүчү май ыйгарым укуктуу өкүл тарабынан бөлүнүп берилген.

Учурда каналдын 350 метри тазаланып, иштер уланууда. 7-август күнү облус жетекчисинин биринчи орун басары Курбанбек Айтибаев жеринде болуп, жүргүзүлүп жаткан иштер менен таанышты. Ал каналдын айрым тилкелери энсиз экендигин белгилеп, суу өткөрүмдүүлүгүн жогорулатуу максатында аны кеңейтүү боюнча тапшырма берди.

Чечме-Сай каналын тазалоо жана кеңейтүү иштери толук бүткөрүлгөндөн кийин аймактагы ирригациялык абал жакшыртылып, дыйкандар үчүн сугат суунун жеткиликтүүлүгү камсыз болот.

**К.Кыдыралиева.**

# ЖУРНАЛДАР ЖАНА КАГАЗ КҮНДӨЛҮКТӨР КОЛДОНУЛБАЙТ

**КР Агартуу министринин санариптик өнүктүрүү боюнча орун басары Лира Самыкбаеванын билдирүүсүнө ылайык, Кыргызстандагы мектептерде 2025/2026-окуу жылынан тартып мугалимдер мурдагыдай кызыл журналдарды жана окуучулардын кагаз күндөлүктөрүн колдонушпайт. Бул тууралуу ал республиканын мектеп директорлорунун орун басарлары үчүн уюштурулган педагогикалык форумда билдирди.**

Анын айтымында, мындай өзгөрүү билим берүү тармагында санариптештирүүнүн жигердүү жүрүшүнүн жыйынтыгы болду. Бүгүнкү күндө өлкө боюнча окуучулар тууралуу маалыматтардын 90 пайыздан ашыгы санариптик форматка өткөрүлдү.

Демографиялык маалыматтардан тартып окуучунун үй-бүлөлүк абалы, сабакка катышуусу жана жетишкендиги да электрондук базага киргизилди. Бул маалыматтар азыр ири анализдердин негизине айланып, чечим кабыл алууда маанилүү ролду ойноодо.

«Эми билим берүү процессинин бардык этабы – баа коюу, ата-эне менен байланыш, үй тапшырмаларды берүү – электрондук форматта жүргүзүлөт. Мугалимдер, директорлор, ата-энелер «Күндөлүк» ж.б. санариптик платформалар аркылуу иштешет. Бул – жөн эле кагаз форматты алмаштыруу эмес, бул – билим берүүнү башкаруунун жаңы баскычы», – деди Л. Самыкбаева.

«Күндөлүк» тиркемеси аркылуу ата-энелер балдарынын бааларын, сабактардын жүгүртмөсүн, үй тапшырмаларын жана окуу китептерин көрө алышат. Ал эми мугалимдер темаларды белгилеп, бааларды коюп, балдардын сабакка катышуусуна көз салышат. Мектептин администрациясы ошол маалыматтардын негизинде чечим чыгарат.

Мындан тышкары, быйыл «Күндөлүк» мектептин инфраструктурасын камтыган модуль кошулду. Анын жардамы менен ар бир мектеп имараттын, эмеректин, жабдуулардын абалы тууралуу маалымат киргизип жатат. Бул келечекте жабдууларды, эмеректерди сатып алууну же жаңы мектептерди курууну туура пландоого көмөктөшөт. Анткени система аркылуу кайсы мектеп ашыкча жүктөм менен иштеп жатканы дароо көзгө көрүнөт.

Ошондой эле, жеке маалыматтардын коргоо маселеси өзгөчө көңүл борборунда. Министрлик көп деңгээлдүү коопсуздук тутумун иштеп чыгып, жеткиликтүүлүк укуктарын так бөлүштүрдү. Ар бир адам өз ишине байланышкан гана маалыматты көрө алат.

Мисалы, предметтик мугалим өз классынын маалыматтарын гана көрөт, класс жетекчи – өз классындагы бардык предметтерди, директор – мектептеги жалпы маалыматтарды, райондук билим берүү бөлүмү – өз району боюнча маалыматтарды, ал эми министрлик – республика боюнча маалыматтарды көрө алат. Ким качан кандай маалыматты алганы системада катталып турат. Андыктан кандайдыр бир маалыматтын сыртка чыгып кетүүсүн алдын алууга болот.

«Директорлор өз кызматкерлеринин, ал эми райондук билим берүү бөлүмдөрү директорлордун жеткиликтүүлүгүн көзөмөлдөп турушат», – деп түшүндүрдү министрдин орун басары.

«Жаңылыктын жарчысы» педагогикалык форуму – Агартуу министрлиги тарабынан уюштурулган, жаңы окуу жылына карата мугалимдерди жана мектеп администрацияларын даярдоого багытталган иш-чаралардын уландысы. Анын башкы максаты – өлкөнүн бардык аймактарында заманбап, санарипке негизделген билим берүү моделине өтүүнү камсыз кылуу.

**К.Кыдыралиева**

Китеп-руханий мурас, китепкана-анын казынасы

# Токтогул атындагы Ош облустук китепкана: тарых, азыркы учур жана келечек

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепканасы – түштүк аймагындагы китепканалардын ишмердүүлүгүнүн алга жылышын көзөмөлгө алып, өнүгүү багытын аныктоо менен, кадрлардын кесиптик билимин жогорулатууда усулдук жардам көрсөтүп келе жатат. Окурмандардын билимге болгон умтулуусун арттырып, жаңы муунду окутуу, тарбиялоо жана руханий жактан байытуу багытында маанилүү милдетти аткарууда. Кылым карыткан китеп дөөлөтү өз фондунда миңдеген басылмаларды сактап, ар бир келген окурманга илим-билимдин дүйнөсүнө эшигин ачууда. Замандын талабына ылайык китепканада окурмандар үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлүп, электрондук булактар менен иштөө, маданий иш-чараларды өткөрүү жана чыгармачыл жолугушууларды уюштуруу жолго коюлган. Китепкана коомдун руханий өнүгүүсүнө салым кошуп, "Билим – байлык, Китеп – курал" деген түшүнүктү ар бир окурмандын жүрөгүнө жеткирүүдө, -дейт аталган китепкананын директору Бапиева Динара Сапарбаевна.



Ош облусу боюнча 181 китепкана окурман журтчулугуна маалыматтык тейлөө кызматын көрсөтөт. Анын ичинен 2 - облустук: Т. Сатылганов атындагы облустук китепкана, Т.Мияшев атындагы облустук балдар китепканасы, 7 - райондук китепканалар (анын ичинде 7 райондук балдар бөлүмү), 165- айылдык китепканалар (анын ичинде 9 балдар китепканасы).

Китепкана фондун түзүү, натыйжалуу пайдаланууу жана анын сакталышын камсыз кылуу менен окурмандарды тейлөөдө жаңы технологиялар колдонулат. Маалыматтык ресурстарды байытуу жана китепканалык-библиографиялык кызматтардын түрлөрүн кеңейтүү максатында долбоорлор менен иштешүүдө. Учурда китепкананын фондунда 1 млн. 37 миң басылма ж. б. маалыматтык ресурс бар.

Китепкананын фонду Китеп палатасынан бөлүнгөн китептер жана авторлор, окурмандар тарабынан белекке берилген китептер менен толукталып турат. Ошондой эле окурмандардын суроо талабына ылайык адабияттарды китепкана өз каражатына сатып алат.




## Китеп фондун толуктоодогу Президенттин демилгеси

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун демилгеси менен эки жылдан бери китепканалардын фонддору кыргыз тилиндеги адабияттар менен толукталып жатат. Былтыр, 2024-жылы 50 аталыштагы китептер жарык көрсө, быйыл Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына карата басылып чыккан 100 аталыштагы китептер берилди.

Президенттин колдоосу менен жарык көргөн 100 аталыштагы китептин жалпы нускасы 100 000 дананы түзүп, "Манас", "Семетей", "Сейтек" эпостору, кыргыз адабиятынын баштоочуларынын эмгектери, балдар үчүн чыгармалар жана дүйнөлүк адабияттын мыкты котормолору бар.

Китепкана фонддорунун жаңы адабияттар менен толукталышы окурмандардын кызыгуусун арттырып, келген окурмандардын саны артууда. Орто эсеп менен жылына келип-кетүү 150 000 окурманды түзүп, 395 000 ге жакын басылма пайдаланууга берилет.

## Жаштардын изденүүсү келечектен үмүттөндүрөт

Учурда күнүнө орто эсеп менен 300-500 окурман тейленет. Окурмандар көбүнчө өзүн - өзү өнүктүрүү боюнча адабияттарга, дүйнөлүк лидер адамдардын автобиографияларына, классикага айланган кыргыз адабияттарына басым жасашат. Бул жакшы, анткени жаштардын изденүүсү, өзүн өнүктүрүүсү жаркын келечектен үмүттөндүрөт.

Китепкана окурмандар үчүн шарттарды жакшыртып, ыңгайлуулуктарды жаратууда. Китепканада дүйнөлүк илимий ресурстарга кирүүгө толук мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Окурмандар үчүн акысыз Интернет, Wi-Fi, "Токтом" электрондук-укуктук базасы ж.б. маалыматтардын электрондук топтомдору жана "ИРБИС" электрондук каталог программасы иштейт. Китепкананын материалдык-техникалык базасы чыңдалып, окурмандар үчүн окуу залдары ноутбуктар менен камсыз болгон.

## Китеп фондун санариптештирүү

Облустук китепканада китеп фондун санариптештирүү 2017-жылы башталган. Учурда Кыргызстандын адабий мурасын санариптештирүү программасына катышып, адабияттарды санариптештирүү иштери улантылып жатат. КР Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлигинен заманбап 2 даана сканер аппараты берилип, иштер жанданды. Санариптештирилген китептер Кыргызстандын улуттук электрондук китепканасына (Neb.kg) жайгаштырылып жатат. 2023-жылдан бери санарип китептерге QR-код жайгаштырыла баштады. Эми китептерди окурмандар QR-код аркылуу смартфонго жүктөп алып каалаган жерде, каалаган убакта окуй алышат.

Бүгүнкү күндө китепкананы жаңы мүмкүнчүлүктөрдүн аймагы катары жаштар үчүн оңтойлуу жана ыңгайлуу жайга айландыруунун аракети көрүлүп жатат. Максат – мезгилдин талабына жооп берген жаңы формадагы иш чараларды иштеп чыгуу, китепкананы жаштардын кызыктуу мейкиндигине айландыруу, аны модернизациялоо болуп эсептелет.

Бул багытта облустук китепканада коворкинг борборун ачуу пландалып жатат, долбоору иштелип чыкты. Учурда ремонт иштери жүрүп жатат.

## Алдыңкы тажрыйбалар өнүгүүгө жол ачат

Китепкана ишинде алдыңкы дүйнөлүк тажрыйбалар колдонулуп, жыл сайын ири онлайн-офлайн семинар, конференция, облустук, шаардык деңгээлдеги көчмө китеп-сүрөт көргөзмөлөрү ж. б. иш-чаралар өтөт. Маданий-массалык иш- чараларды уюштурууда жаңы инновациялык ыкмаларга басым жасалып, окурмандар менен акция, флешмоб, интерактивдүү оюн-зоок, лингвистикалык суроо-жооп викториналары өткөрүлөт.

Китепканада тил үйрөнүү курстары, балдар үчүн жана чоңдор үчүн англис тилинде сүйлөшүү клубдары бар. Элдин үзгүлтүксүз билим алууга жана өнүгүүгө мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү долбоорунун алкагында "Мүмкүнчүлүктөр клубу" түзүлүп, убактылуу жумушсуз, улгайган адамдарга кошумча өнөр үйрөтүү боюнча курстар иштеп жатат.

2023-жылы Кыргызстан Аялдар Конгресси менен биргеликте аялдар үчүн акысыз компьютердик окутуу борбору ачылган. Борбордо кыз-келиндер акысыз билим алып жатат. Юнисеф уюму тарабынан "Балдарды эрте куракта өнүктүрүү борбору" уюштурулган. Анда 1-6 жашка чейинки бала бакчага барбаган балдар келип билим алышат. Негизгиси, китепканадагы долбоорлордун баары окурмандар үчүн акысыз.

## Китепкананын веб-сайты ишке кирди

Китепкана өзүнүн жакынкы 5 жылга перспективалуу программасын иштеп чыгып, ишке ашырууда. Китепкана имиджин жаңыртуу иштерин жүргүзүп, китепкананын брендин иштеп чыкты. Жыл башынан окурмандар китепкананын жаңы логотиби менен таанып башташты.

Жакында облустук китепкананын веб-сайтынын бет ачары болду. Жаңы веб-сайт китепкананын кызматтарын жана ресурстарын жалпыга жеткиликтүү кылып, маалыматты жана билимди дагы да элге жакындатты. Сайтта электрондук китепкана жана китептердин электрондук каталогу орун алган. Мындан окурман аралыктан туруп китепкананын фонду жана кызматтары менен таанышууга мүмкүндүк алат.

Албетте, алдыда дагы көптөгөн алгылыктуу пландар, жаңылануулар күтүп турат. Китеп окуп, китепкөй коом куруу маанилүү, анткени билимдүү коом гана жаркын келечек кура алат.

**А.МАТИЕВА.**

# УЛУТТУК БАНК МЫЙЗАМСЫЗ ИШ АЛЫП БАРГАН УЮМДАРДАН АЛЫС БОЛУУНУ ЭСКЕРТЕТ

**Урматтуу окурмандар, сизге кимдир бирөөлөр акчаңыздын үстүнө жогорку пайыз менен же көп сумммада акча кошуп берүүнү убадалап каражатты тартууга, кошумча киреше табууга кепилдик берип, ага досторду да чакырууга үндөдү беле? Анда сак болуңуз, бул "ийгиликтүү" инвестициялык компания чындыгында - финансылык пирамида болуп чыгышы мүмкүн. Финансылык пирамиданы кантип таанып билүү керек, алар кандайча иш алып барышы мүмкүн, бул тууралуу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Ош областтык башкармалыгы төмөндөгүлөрдү маалымдайт.**



## Финансылык пирамида

Бүгүнкү күндө көпчүлүк жарандар ар түрдүү финансылык пирамидаларга туш болуп келет. Жарандарга үйдөн чыкпай эле кыска мөөнөттө, эч кандай убаракерчиликсиз, өз каражаттарын көбөйтүп кайра кайтарып беребиз - деген ар кандай уюмдар пайда болууда. Алар жарандарды жагымдуу шартта, жогорку пайыздык чендер жана башка сыйлыктар менен кызыктырып, акчаны тартып кетүүгө мүмкүн болгон бардык жолдорду колдонушат.

Финансылык пирамида – деп катышуучуларынын акча каражаттарын ар кандай мыйзамсыз (алдамчылык ыкмасы) жолдор менен алып, келишимдерде көрсөтүлгөн милдеттерин же оозеки берген убадаларын аткарбаган жана жарандардын берген акча каражаттарын кайра кайтарбаган уюмдарды атасак болот. Алар алгач жарандарды кызыктырыш үчүн, баштапкы катышуучуларга убадаланган акча каражаттарды, сыйлыктарды жана башка белектерди берип, жогору кирешелерди убада кылуу принциби менен иштешет. Бирок, мындай финансылык пирамидалар бардык катышуучуларга берген убадаларын жана милдеттенмелерин аткара беришпейт. Анткени, алардын иштеген схемасы боюнча баардык катышуучуларга берген убадалары боюнча ашыкча акча каражаттарын тартуулоо мүмкүн эмес. Башында акчаларды, кызыктыруучу белектерди таратышы мүмкүн, бирок, катышуучулардын саны көбөйгөн сайын аларга убадаланган акча каражатын кайтарып бере албай калышат. Белгилүү мезгил өткөндөн кийин мындай уюмдар өздөрүн банкрот деп жарыялашат же акырын изин жашырып кетишет. Ал эми аларга ишенип инвестор катарында акча кошкон жөнөкөй жарандар зыянга учурап, киреше эмес өз каражатынан да кол жууп калышат.


Мисалга, сиз белгилүү бир суммада акча каражаттарыңызды салып, кайсы бир уюмга мүчө болуп кирдиңиз. Мындан кийин убадаланган акча каражаттарды, сыйлыктарды жана башка белектерди алыш үчүн, сиз бир канча жарандарды мүчө катары ошол уюмдарга тартууңуз шартталат. Ал жарандар дагы өзүнөн кийин башка жарандарды чакырып, каттоо керектелет. Ошентип, пирамида куралат. Мындай учурда көпчүлүк жарандар жакындарынан карызга акча сурашса, калгандары финансы кредиттик уюмдардан насыя алып же көп жылдар бою топтогон акча каражатын салып коюшат. Ошентип, мындай механизм менен бул уюмдар белгилүү бир убакытка чейин иштей берет да, жыйынтыгында, уюмдун уюштуруучулары өз максаттарына жеткенден кийин топтолгон акча каражаттарды алып, качып кетишет. Ал эми акча каражатын карызга алып уюмга салган жарандар зыянга учурап жабыр тартышат.

Ушуга байланыштуу Улуттук банктын Ош областтык башкармалыгы бардык жарандарды өз каражатына сак болууга жана ар кандай жеңил акча табууга чакырган жарнамалардан алыс болууга чакырат.

Көз боёмочулардын (алдамчылардын) торуна түшүп, акча каражаттарыңыздарды жоготпош үчүн финасылык пирамиданын негизги белгилерин эстеп калыңыз.

## Финансылык пирамиданын негизги белгилери:

- кыска мөөнөттүн ичинде жогорку пайыз менен киреше табуу. Мындай салымдардын пайыздарынын көлөмү банктык аманаттардын пайыздарынан жогору;



- уюмга мүчө катары кирүү үчүн төлөм;
- башка жаңы мүчөлөрдү тартуу жана ал үчүн киреше табуу;
- келишимдердин шектүүлүгү же жоктугу;
- уюмдун документтеринин жоктугу;
- көп мүчөлөрдү тартууда ар кандай белектерди берүү;
- финансылык документтеринин жоктугу;
- жыйналыштарда катталуучуларды кызыктыруу үчүн сыйлыктарды берүү жана лотореяларды ойнотуу.

Эгерде, сизге финансылык кызматтарды сунуштоодо жогорудагы көрсөтүлгөн белгилердин бири бар болсо, анда акча каражаттарыңыздарды берээрден мурда кесипкөй адистерден кеңеш сураңыз.

Ошондой эле, кирешени оңой табууну көздөп өзүңүздүн анча көп эмес акча каражатыңызды көбөйтүү максатында чоң тобокелге баруу менен акчаңызды салып жатып, киреше гана эмес көбөйтүү үчүн кошкон акчаңызды да кайра ала албай калаарыңызды унутпаңыз.

**Буга байланыштуу суроолорго жооп алуу үчүн Улуттук банктын Ош областтык башкармалыгынын атайын коомдук кабылдамасына кайрылыңыз. Байланыш телефондору: 0 3222 4-84-63, 4-83-92.**

# БЫШЫК БИЛИМ, ТАТЫКТУУ ТАРБИЯ - МЕКТЕПТИН ИЙГИЛИК АЧКЫЧЫ

**Өзгөн районундагы Маматисак Ботобеков атындагы №53 орто мектеби заманбап билим берүүнүн талаптарына жооп берген, окутуунун инновациялык ыкмаларын колдонгон, окуучулардын ар тараптан өнүгүүсүнө багытталган мектептердин бири. Мектеп өзүнүн тарыхы, жетишкен ийгиликтери жана чыгармачыл мугалимдер жамааты менен айырмаланат. Ал –жаш муундун акылын байытып, тарбиясын түптөп, коомго пайдалуу инсан болуп жетилишине жол ачат. Билим ордосунда ар бир окуучу өз таланты менен жаркырап, ар бир мугалим өз эмгеги менен сыймыктанат. Заманбап билим берүүнүн талаптарына жооп берген, чыгармачылык менен иш алып барган, ар тараптуу өнүккөн окуучуларды тарбиялап жаткан бул үлгүлүү билим берүү уясын изденип иштеген, иш билги директор Маматова Раннагүл Чалыбаевна жетектейт.**



Мектеп жамааты – жогорку квалификациялуу мугалимдерден түзүлүп окуучулардын билим сапатын жогорулатуу багытында иш алып барууда. Мугалимдер окуучуга билим берет, улуттук нарк-насилди үйрөтүп, мекенчилдикке тарбиялайт. Учурда мектепте 1000ден ашуун бала билим алат, 56 мугалим эмгектенет.

Мектептеги башталгыч класстын окуучулары мамлекет тарабынан каржыланган “ысык тамак” менен камсыз болгон. “Келечек үчүн билим берүү”, “Окуу керемет”, “АРИС” ж.б долбоорлор менен иштешип жатат. Мектепте медиа бурч, ата-энелер мектебин уюштуруу, ЖРТга даярдоо өзгөчө мааниге ээ. Мектеп акыркы 2 жылдан бери билим берүү системасы жогору өлкөлөрдүн бири Сингапурдун ыкмаларын, заманбап санарип платформалар жана STEM багытында иш алып барууда.

## Демилге жараткан жаңы технологиялар

Мектепте 22 окуу каана, (5) административдик кааналар, усулдук каана, компьютердик кааналар, кыргыз тили, орус тили, математика, физика, биология, химия, география, башталгыч класстар, китепкана, ашкана, спорттук зал, откана, спорт аянтчасы, географиялык аянтча демөөрчүлөрдүн жардамы менен жасалып, учурда окуучулар жарык жана ыңгайлуу класстарда билим алышууда. Окуучулар үчүн тегерек стол, диспут, тренинг, ал эми мугалимдер үчүн усулдук окуулар өткөрүлүп турат.

Мектепте 9 класс каанада компьютер проекторлору менен орнотулган. Окуу процессинде пайдалануучу 3 түстүү интерактивдүү панель доска, 7 даана проектор, 3 даана түстүү принтер, 1 даана түссүз принтер, 46 компьютер бар. Интернет кабелдер, акылдуу коңгуроо, радиотүйүн, видеокөзөмөл орнотулган. Мектептин спорт аянтчасына спорттук эмеректер алынган.




## Мыкты бүтүрүүчүлөр-мектеп сыймыгы

2024-2025- окуу жылында №53- М.Ботобеков атындагы орто мектебинде 11 -классты 54 окуучу аяктады. 54 бүтүрүүчүгө жана анын ичинен 4 окуучу артыкчылык аттестатына ээ болду. Жалпы республикалык тестке 33 окуучу катышты. Тестирлөөнүн жыйынтыгы менен Сайтова Айбийке 195 балл топтоп, эң жогорку көрсөткүчтү жетиштирди.



## Ийгиликке жол ачкан устаттар

2024-2025-окуу жылында билим берүү тармагында жогорку кесипкөйлүгү жана заманбап педагогикалык жаңы багыттарын жайылтууга салым кошуп, чыгармачылык менен изденип иштеген мугалимдер ийгиликтерди багындырышты. "Жылдын мыкты мугалими-2025" кароо- сынагынын облустук этабында Маматисак Ботобеков атындагы №53 орто мектебинин информатика мугалими Табалдыева Айнагул Шералиевна жана математика мугалими Атакулова Эльмира Таштановна эжекелер женүүчү аталып, 1-орунду камсыз кылышты.

## Жылдын алдыңкы заманбап мектеби

Облустук деңгээлде өткөрүлгөн “Жылдын мыкты мектеби-2025” кароо-сынакта Өзгөн районунун Кароол айылындагы №53 Маматисак Ботобеков атындагы орто мектеби "Жылдын мыкты заманбап мектеби -2025" деген номинацияны жеңип алды. Бүгүнкү күндө бул мектеп заманбап шарттары, чыгармачыл мугалимдери жана жигердүү окуучулары менен айылдын руханий борборуна айланды. Бул мектептен ар кайсы тармакта эмгектенип, эл үчүн кызмат кылган мыкты адистер, мугалимдер, дарыгерлер, инженерлер, ишкер жана коомдук ишмерлер чыгып, айылдын гана эмес, өлкөнүн өнүгүшүнө үлкөн салым кошуп жатышат.

# Кыргыз сөзүнүн көркөм дүйнөсүн кадырлаган инсан

**Эл бар жерде, эне тили жашайт. Эне тилдин ар намысын сактап, жаш муундун жан дүйнөсүнө кыргыз сөзүнүн көркөм дүйнөсүн сиңирген татыктуу агартуучулардын бири – Ултай Матиева. Ал 1968-жылы 27-апрелде Ош облусунун Өзгөн районундагы Мырза-Арык айылында туулган. 1986-1991-жылдары Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетин аяктап, кыргыз тили жана адабияты мугалими адистигине ээ болгон.**



Эмгек жолун №40 ВЛКСМдин 50 жылдыгы атындагы орто мектебинде мугалимдиктен баштаган. Учурда Ош технологиялык университетинин академик Бектемир Мурзубраимов атындагы эл аралык Өзгөн технологиялык жана билим берүү институтунда эмгектенип келүүдө. Педагогика жана тил илимдер кафедрасынын улук окутуучусу, кафедранын, аялдар кеңешинин, методикалык кеңештин жана окумуштуулар кеңешинин катчысы болуп да жигердүү иш жүргүзүүдө.

Ал үзгүлтүксүз изденген, өз билимин өнүктүрүүгө умтулган мугалим. Өз билимин өркүндөтүү максатында республикалык жана эл аралык курстарга катышып, заманбап билим берүү технологияларын өздөштүргөн. Айрыкча инновациялык усулдар, электрондук окутуу, компетенттүүлүк мамиле сыяктуу темалар боюнча терең билимге ээ.

Мындай билимди үзгүлтүксүз өркүндөтүүнүн аркасы менен заман талабына шайкеш сабак өтүп, кесиптештерине өрнөк боло алды. Анын көп жылдык үзүрлүү эмгеги жана өз ишине берилгендиги жогорку деңгээлде өз баасын алып келатат. “Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы” төш белгисинин ээси, “Жылдын мыкты мугалими–2018” номинациянын жеңүүчүсү. ЖАГУ, МУИТО, ОшТУ, Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясы, Кароол айыл өкмөтү тарабынан Ардак грамоталар жана Ыраазычылык каттар менен сыйланган.

Ал жаштарга билим берүү менен гана чектелбестен, чыгармачылык менен да алектенип келет. Ал “Ак тилек” деген аталыштагы китептин жана ондогон илимий, публицистикалык макалалардын автору. Айрыкча, “1916-жылдагы көтөрүлүштүн чыгышына орус оторчуларынын саясий себептеринин болушу же “геноцид тууралуу”, “Азыркы учурдагы адабият сабагынын айрым проблемалары”, “Адабий сындын алпы-Салижан Жигитов”, “Жигитовдук окуу”, “Улут болсом, тилим менен улутмун”, “Накыл сөздөрдөгү этнолингвистикалык жана философиялык ойлордун жаштарды тарбиялоодогу ролу”, “Кыргыз элинин маданий салттары”, “Кыргыз” этнониминин келип чыгышын окутуудагы айрым аспектилер” , “Кытай элинин каада-салттарынын изилдениши” деген темадагы илимий жана публицистикалык эмгектери коомдук-саясий мааниге ээ.

Ултай Матиева төрт баланын энеси, үлгүлүү үй-бүлөнүн кожейкеси. Уулу Аскар, кыздары Элнура, Элмира жана Гүлмира – анын таянычы, ал эми неберелери Байэл, Нурэл, Алдияр, Эмир – анын өмүрүнө жарык чачкан өмүр уландысы. Ал – талыкпас эмгек менен өскөн, кыргыз элинин тил дөөлөтүн даңазалаган, агартуучулук жолдо көптөгөн жылдарын арнаган мугалим. Анын жасаган иштери, жазган эмгектери жана тарбиялаган студенттери – бүгүнкү күндө эгемен Кыргызстандын келечегине кызмат кылып жатышат. Мындай инсандардын өмүр жолу – жаш муун үчүн үлгү, ал эми коом үчүн сыймык. Эне тилдин кадырын көтөргөн, билимдин туусун бийик көтөргөн – кыргыз мугалимдеринин аруу жүзү.

**Бетти даярдаган:
А.САПАРБАЕВА.**

# Кылычын алып кыш келсе даярдык кандай?

*Өзгөн районунун аймагында 12 айыл өкмөт жана 1 шаар бар. Күз-кыш мезгилин ийгиликтүү өткөрүү үчүн 28746 тонна көмүр керектелет. Анын ичинен билим берүү мекемелерине 8 400, саламаттыкты сактоо тармагына 880, андан башка мекеме-уюмдарга 268, 2 кесиптик лицейге 128, маданият тармагына 60 тонна көмүр тартылуусу зарыл.*

Райондук мамлекеттик администрациясынан алынган маалыматка ылайык, 2025-2026-жылкы күз-кыш мезгилине даярдык көрүү иш-чараларынын алкагында райондун аймагында жайгашкан билим берүү жана саламаттыкты сактоо мекемелеринде эшик-терезелерин жылуулоо, от казандарды, жылытуу системасын кезектеги жана капиталдык ремонттон өткөрүү, анын от казандарын алмаштыруу жумуштары жүргүзүлдү. Азыркы учурда социалдык мекеме-уюмдардын бул багыттагы жумуштары аягына чыгып калды.

12 айыл өкмөтүн аймагында жайгашкан мектептерде жана балдар бакчаларында 199 от казан бар. Анын 197и ремонттон чыгарылды. Эки мектептин, тактап айтканда, Жазы айыл аймагында Жумакадыр Мойдунов, Кызыл-Октябрь айыл аймагындагы Кремль айылында Машрапов мектептеринин жылытуу системалары эми алмаштырылат. Саламаттыкты сактоо мекемелериндеги 14 от казандын айрымдарын эске албаганда алардын басымдуу көпчүлүгү ремонттон өткөрүлдү.



Өзгөн шаарындагы көп кабаттуу үйлөрдү жана райондук мекеме-уюмдарды жылуулук менен камсыздоону "Өзгөн жылуулук" муниципалдык ишканасы иш жүргүзөт. Аталган ишкананын 2 жерде жайгашкан отканада пайдалуу аракет коэффициенти 70-80%ды түзгөн 8 от казан толугу менен ремонттон өткөрүлгөн. 400дөн ашык абоненти бар бул ишкананын кышка карата даярдыгы жакшы деп айтсак болот. Ишкана сезонго1700 тонна көмүрдү керектейт.

Расмий маалыматтарга ылайык Өзгөн районунун аймагында 14 көмүр кени бар. Жазы, Салам-Алик, Мырзаке айыл өкмөттөрү мыйзамга ылайык көмүр кендери менен түз келишим түзгөн. 5 айыл өкмөтүндө тендер өткөрүлгөн. Калгандарында даярдак көрөлүп жатат. Азыркы учурда көмүрдү тартуу жумуштары башталып, планда белгиленген көмүрдүн 30 %ы ташылды.

Райондо жашаган калк үчүн 19 000 тонна көмүр тартылыш керек. Бүгүнкү күндө райондун аймагында калк үчүн 11 жерде көмүр сатуучу жай ачылган. Азыркы учурда 1 килограммы көмүрдүн орточо баасы 5-6 сомдон сатылып жатат.

***

Өзгөн районундагы Кызыл-Октябрь айыл өкмөтү чек арада турган аймак. Ага Кара-Таш айыл өкмөтү кошулгандан кийин калктын саны 20 815ке жетти. Азыркы учурда бул аймактагы 15 айылда 6 орто, 4 башталгыч мектеп , 12 балдар бакчасы, 8 ФАП бар.

Биз айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы Полотов Мунарбекке жолугуп, андан ушул багытта жүргүзүлүп жаткан иш аракеттер тууралуу баяндап берүүсүн суранганыбыз.

- Күз-кыш мезгилине дардык көрүү иш-аракеттеринин алкагында айыл өкмөттүн Кызыл-Октябрь , Эски Покровка, Кызыл-Сеңир, Алга, Кочкор-Ата, Элчибек, Үңкүр, Беш-Абышка, Лесхоз айылдарындагы мектептердин от казандарын, жылытуу системасын кезектеги жана капиталдык ремонттон өткөрүү жумуштары жүргүзүлдү. Кызыл-Октябрь айылындагы Осмон Жакыпов атындагы орто мектептин от казаны эскиргендигине байланыштуу аны алмаштыруу жумуштар жүрүп жатат. Кремль айылындагы 3 бөлмөлүү башталгыч мектепте жылытуу эски ыкма, тактап айтканда ал меш менен жылытылып келгендиктен, жыл башына анын жылытуу системасын алмаштыруу үчүн атайын каражат бөлүү маселеси каралган. Бирок, анын сметасы кайра оңдолуп, түзүлгөндүктөн, бул маселе бир аз кечигип жатат. Бирок, аталган башталгыч мектепке жылытуу системасын орнотуу маселеси жыл аягына чейин толугу менен чечилет.



Жыл башында алдын ала түзүлгөн план боюнча айыл аймактагы билим берүү тармагына 841, саламаттыкты сактоо мекемелерине 36 тонна көмүр керектелет, анын алды тартылып жатат.

Эски Покровка, Кызыл-Сеңир айылдарындагы быйыл жаңы түшкөн маданият үйлөрү электр тогу менен жылытылат. Кызыл-Октябрь айылындагы быйыл ачылып жаткан жаңы маданият үйү да ушул система менен жылытылат.

Биздин жарандарыбыз көмүрдү- Куршабда ачылган көмүр сатуучу жайдан сатып алышат. Анткени, бул айыл бизге абдан жакын. Өткөн жылы айыл өкмөтү Торгойдогу көмүр кендин жетекчилери менен сүйлөшүү жолу менен калкка базар баасынан арзан баада көмүр тартып берген болчу. Ошол кендин жетекчилери менен быйыл да сүйлөшүүлөр жүргүзүлүүдө.

**Төлөнбай АБДЫРАЗАКОВ.**

---

**101-билдирет**

# Мектеп жана бала бакчалардагы өрт коопсуздук эрежелери

Мектеп жана балдар бакчасынын аймагы дайыма ар кандай таштанды күйүүчү материалдардан тазаланып турушу зарыл. Имараттарга, суу көлмөлөрүнө жана өрт өчүрүүчү шаймандарга баруучу жолдор тосулбай, ачык абалда болушу керек. Ашканада ачык от жагуу жана аймакта таштандыларды өрттөөгө тыюу салынат.

Бөлмөлөрдө, окуу класстарда, жатуучу бөлмөлөрдө, ашканаларда эмеректерди жана башка чоң буюмдарды жайгаштырууда балдарды эвакуациялоого жана өрт өчүрүүчү, өрттү кабарлоочу шаймандарына барууга жолтоо болбогондой жайгаштырылышы керек. Коридорлордо, тепкич аянтчаларында жана чыгуу эшиктеринде «Чыгуу» жазуусу жана чыгуу багытын көрсөтүп туруучу белгилер бекитилиши зарыл.

Мектеп, бала бакчалардын имараты алгачкы өрт өчүрүүчү, өрттү кабарлоочу шаймандар жана өрткө каршы өрттүк тактайчалар менен камсыздалышы керек.

Өрт коопсуздугун камсыздоого мектеп, балдар бакчалардын башчылары жоопту. Мектеп бала бакчалардын жетекчилери жана ар бир кызматкери өрт коопсуздугунун эрежелерин сактап, кокус өрт кырсыгы болуп калган учурда аткарылуучу иш- аракеттерди билиши зарыл.

+Мектеп, бала бакчалардын жетекчилеринин милдети:

- өр коопсуздук эрежелеринин сакталып жатышын көзөмөлдөп, эгер, эрежелерде бузуулар болсо тезинен жетишпеген кемчиликтерди жоюу;

-мектеп окуучуларына өрт коопсуздугунун эрежелерин таанышытыруу боюнча сабактарды өтүү;

- эвакуациялоо чиймесин чийип бекитүү менен кокус өрт кырсыгында өрт боюнча кабарлоо жана балдарды эвакуациялоо боюнча иш- аракеттерди даярдоо;

- кызматкерлерди жана балдарды эвакуациялоо иштерин ар алты ай сайын иш жүзүндө өткөрүү;

- өрт көзөмөлдөө кызматынан жана башка мекемелердин көрсөткөн өрт коопсуздук иштерин өз убагында аткаруу жана кызматкерлерине жеткирүү;

Мектеп жана балдар бакчасында түнкүсүн жана майрам күндөрү турган нөөмөтчүлөр жана тарбиячылар милдеттүү:

- Тарбиячылык нөөмөттү кабыл алууда өрткө каршы шаймандарынын, өрт кабарлоочу шаймандын жана байланыш телефонунун оң абалда экендигин текшерип алуу керек.

- Эгер, өрт коопсуздук эрежелерин бузуулар аныкталып, өрт коркунучу туулса тезинен кемчилдиктерди жоюп, зарыл болсо жетекчиге кабар берүү керек;

Маданий оюн-зоокторду өткөрүүдө өрт коопсуздук эрежелеринин талаптары:

Маданий оюн-зоокторду (кино көрсөтмө, концерт, спектакль, жаңы-жылдык балаты майрамы жана башка) өткөрүүдө өрт коопсуздугуна мекеменин жетекчиси жоопту болот. Маданий оюн-зооктор башталаардын алдында өтүлүүчү жайлар өрт өчүрүүчү шаймандар, кошумча чыгуу эшиктер менен камсыздалуусу зарыл. Чыгуучу жолдор тосулбай, ачык абалда жана өрт өчүрүүчү шаймандар оң абалда болушу керек. Эгер, өрт коопсуздугунун эрежелери бузулса, анда оюн-зооктор башталгыча кемчилдиктер жоюлушу керек.

Маданий оюн-зоокту өткөрүүдө нөөмөтчү жоопту адамдар, мугалим тарбиячылар оюн-зоок өтүүчү жерде болушу керек. Ал адамдар өрт коопсуздугу боюнча алгачкы нускамаларды алып, кокустан өрт кырсыгы катталган учурда аткарылуучу иштерди билиши зарыл. Оюн-зооктор өтүүчү жайда отургучтар полго жана бири-бирине бекилиши керек.

**К. Кыдырбаева, КРнын ӨКМнин Ош шаары боюнча башкармалыгынын ӨӨААжАКИБнүн офицери, майор.**

---

**Жарыялар**

## Жараксыз деп табылсын

1990-жылы Ош педагогикалык училищасы тарабынан Турдубаева Айгүл Базарбековнага берилген МТ-1 № 073178 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**ХХХ**

1987-жылы Фрунзе шаарындагы Кыргыз Мамлекеттик медицина институту тарабынан Кочкорбаева Жанангүл Кыргызбаевнага берилген НВ № 107687 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**ХХХ**

Абдибай уулу Нурбекке таандык Кара-Суу районунун № 59 Кесиптик лицейин 2021-жылы аяктагандыгы тууралуу берилген күбөлүгүнүн жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**ХХХ**

Кудайбердиев Чолпонбай Искендеровичке таандык Ош шаардык салык кызматы тарабынан берилген жеке ишкердүүлүк жөнүндөгү күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**ХХХ**

Т. Зулпуев атындагы айыл аймагынын Үч-Бай айылынын Ынтымак көчөсүндөгү №80 үйдүн тургуну Мадраимова Саипжамалга тиешелүү турак жайга "Кадастр" мамлекеттик мекемеси тарабынан берилген 5-05-09-1001-0322 сандуу идент. коддогу техпаспорту жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**ХХХ**

1992-жылы Ош Мамлекеттик педагогикалык институту тарабынан Жумаева Айгүл Токтосуновнага берилген ТВ-I № 142568 каттоо № 233 сандуу дипломдун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

## Аукцион

Ош облусунун Кара-Суу районуна караштуу Ала-Тоо айыл аймагынын Жылкелди айылындагы муниципалдык менчиктеги 0,38 га. жер тилкеси соода-сатык кылуу үчүн убактылуу жеңил конструкция куруу менен 0, 27 га. жер тилкеси скверди өздөштүрүү, ж. б. иштерди уюштуруу боюнча аталган жер тилкелерин ижарага берүү үчүн аукцион өткөрөт. Аукцион жарыя гезитке чыккан күндөн тартып бир айдан кийин айыл аймактын кеңсесинде өткөрүлөт. Сурап билүү үчүн тел. ном: 0-558-68-08-11, 0-501-84-92-92.

AIM LaW.Partners.

# ОСОО «АИМ.ЛОУ.ПАРТНЕРС» ОБЪЯВЛЯЕТ О ПРОВЕДЕНИИ ПОВТОРНЫХ ПУБЛИЧНЫХ ТОРГОВ

**ОсОО «АИМ.Лоу.Партнерс» объявляет о проведении повторных публичных торгов на предмет залога в Российско-Кыргызском Фонде развития:**

• Земельный участок, мерою 3 580,0 кв.м. (с незавершенным строительством - жилой комплекс с мансардой, подземным паркингом, торгово-коммерческими объектами и бизнес-центрами), расположенный по адресу: Кыргызская Республика, город Ош, улица Монуева, дом 136, идентификационный код: 5-11-08-0190-0135, принадлежащий ОсОО «Визион Групп» на праве частной собственности на основании Договора о совместном сотрудничестве в проектировании и строительстве многоэтажного жилого дома от 31.07.2019 года за р. №4426, № 2019-42948; Постановления Мэрии г. Ош №55 от 11.02.2020 года; Государственного акта о праве частной собственности на земельный участок серии Ч №898543 от 21.02.2020 года.

Начальная (стартовая) продажная цена – 1 299 085 (один миллион двести девяносто девять тысяч восемьдесят пять) долларов США. Повторные публичные торги состоятся 11 сентября 2025 года в 09:00 часов по месту расположения имущества.

• Квартира, общей полезной площадью 92,57 кв.м., жилой площадью 57,14 кв.м., находящаяся по адресу: Кыргызская Республика, город Ош, улица М. Аматова, дом 1, квартира 54, идентификационный код: 5-11-02-0070-0093-01-054, принадлежащая ОсОО «Визион Групп» на праве частной собственности на оснований Акта оценки соответствия вводимого в эксплуатацию завершенного строительством объекта №5 от 11.11.2021 года.

Начальная (стартовая) продажная цена – 80 502 (восемьдесят тысяч пятьсот два) доллара США. Повторные публичные торги состоятся 11 сентября 2025 года в 10:45 часов по месту расположения имущества.

• Нежилое помещение, общей полезной площадью 372,93 кв.м., находящееся по адресу: Кыргызская Республика, город Ош, улица М. Аматова, дом 1/59, идентификационный код: 5-11-02-0070-0093-01-059, принадлежащее ОсОО «Визион Групп» на праве частной собственности на основании Акта оценки соответствия вводимого в эксплуатацию завершенного строительством объекта №5 от 11.11.2021 года.

Начальная (стартовая) продажная цена – 293 246 (двести девяносто три тысячи двести сорок шесть) долларов США. Повторные публичные торги состоятся 11 сентября 2025 года в 11:00 часов по месту расположения имущества.

• Нежилое помещение, общей полезной площадью 40,52 кв.м., находящееся по адресу: Кыргызская Республика, город Ош, улица М. Аматова, дом 1/72, идентификационный код: 5-11-02-0070-0093-01-072, принадлежащее ОсОО «Визион Групп» на праве частной собственности на основании Акта оценки соответствия вводимого в эксплуатацию завершенного строительством объекта №5 от 11.11.2021 года.

Начальная (стартовая) продажная цена – 27 910 (двадцать семь тысяч девятьсот десять) долларов США. Повторные публичные торги состоятся 11 сентября 2025 года в 11:15 часов по месту расположения имущества.

• Нежилое помещение, общей полезной площадью 438,19 кв.м., находящееся по адресу: Кыргызская Республика, город Ош, улица М. Аматова, дом 1/75, идентификационный код: 5-11-02-0070-0093-01-075, принадлежащее ОсОО «Визион Групп» на праве частной собственности на основании Акта оценки соответствия вводимого в эксплуатацию завершенного строительством объекта №5 от 11.11.2021 года.

Начальная (стартовая) продажная цена – 196 695 (сто девяносто шесть тысяч шестьсот девяносто пять) долларов США. Повторные публичные торги состоятся 11 сентября 2025 года в 11:30 часов по месту расположения имущества.

• Нежилое помещение, общей полезной площадью 82,03 кв.м., находящееся по адресу: Кыргызская Республика, город Ош, улица Курманжан Датка, дом 142, кв. 15/16, идентификационный код: 5-11-02-0070-0003-01-055; принадлежащее ОсОО «Визион Групп» на праве частной собственности на основании Договора купли продажи №511-2021-18745 от 01.04.2021 года; Дополнительного соглашения от 29.11.2021 года, реестр №511-2021-65335.

Начальная (стартовая) продажная цена – 63 030 (шестьдесят три тысячи тридцать) долларов США. Повторные публичные торги состоятся 11 сентября 2025 года в 12:00 часов по месту расположения имущества.

• Нежилое помещение, общей полезной площадью 27,01 кв.м., находящееся по адресу: Кыргызская Республика, город Ош, улица Курманжан Датка, дом 142/17, идентификационный код: 5-11-02-0070-0003-01-017, принадлежащее ОсОО «Визион Групп» на праве частной собственности на основании Договора купли продажи №511-2021-18761 от 01.04.2021 года; Дополнительного соглашения от 29.11.2021 года, реестр №511-2021-65331.

Начальная (стартовая) продажная цена – 19 666 (девятнадцать тысяч шестьсот шестьдесят шесть) долларов США. Повторные публичные торги состоятся 11 сентября 2025 года в 12:15 часов по месту расположения имущества.

• Квартира, общей полезной площадью 54,02 кв.м., жилой площадью 34,18 кв.м., находящаяся по адресу: Кыргызская Республика, город Ош, улица Курманжан Датка, дом 142, кв. 18,19, идентификационный код: 5-11-02-0070-0003-01-056, принадлежащая ОсОО «Визион Групп» на праве частной собственности на основании Договора купли продажи №511-2021/18753 от 01.04.2021 года; Дополнительного соглашения от 29.11.2021 года, реестр №511-2021/65332.

Начальная (стартовая) продажная цена – 31 375 (тридцать одна тысяча триста семьдесят пять) долларов США. Повторные публичные торги состоятся 11 сентября 2025 года в 12:30 часов по месту расположения имущества.

• Квартира, общей полезной площадью 39,01 кв.м., жилой площадью 22,56 кв.м., находящаяся по адресу: Кыргызская Республика, город Ош, улица Курманжан Датка, дом 142, кв. 20, идентификационный код: 5-11-02-0070-0003-01-020, принадлежащая ОсОО «Визион Групп» на праве частной собственности на основании Договора купли продажи №511-2021/18755 от 01.04.2021 года; Дополнительного соглашения от 29.11.2021 года, реестр №511-2021/65334.

Начальная (стартовая) продажная цена – 23 874 (двадцать три тысячи восемьсот семьдесят четыре) доллара США. Повторные публичные торги состоятся 11 сентября 2025 года в 12:45 часов по месту расположения имущества.

• Квартира, общей полезной площадью 100,84 кв.м., жилой площадью 61,48 кв.м., находящаяся по адресу: Кыргызская Республика, город Ош, улица Ленина, дом 170, кв. 32, идентификационный код: 5-11-02-0005-0072-01-032, принадлежащая Зикировой Динаре Шарабидиновне, действующей за себя и как законный представитель от имени несовершеннолетних детей - Эргешова Мухаммедали Замирбековича и Эргешова Абдурахмана Замирбековича, на праве частной собственности на основании Договора купли-продажи от 31.01.2022 года, реестр № 511-2022/6933,6934,6935.

Начальная (стартовая) продажная цена – 69 622 (шестьдесят девять тысяч шестьсот двадцать два) доллара США. Повторные публичные торги состоятся 11 сентября 2025 года в 14:00 часов по месту расположения имущества.

• Квартира, общей полезной площадью 57,94 кв.м., жилой площадью 42,31 кв.м., находящаяся по адресу: Кыргызская Республика, город Ош, улица ул. Абакир уулу Торобека, дом 3, квартира 45, идентификационный код: 5-11-10-0248-0009-01-045, принадлежащая Капарову Чубаку Абдылдаевичу на праве частной собственности на основании Договора купли продажи от 25.01.2008 года, реестр №186.

Начальная (стартовая) продажная цена – 28 692 (двадцать восемь тысяч шестьсот девяносто два) доллара США. Повторные публичные торги состоятся 11 сентября 2025 года в 14:45 часов по месту расположения имущества.

Желающим принять участие на повторных публичных торгах, не позднее чем за один день до повторных торгов необходимо подать заявку в ОсОО «АИМ.Лоу.Партнерс» и внести гарантийный взнос в размере 5 (пять) % от начальной (стартовой) продажной цены на банковский счёт организатора торгов в ЗАО «Кыргызский Инвестиционно-Кредитный Банк» («Kyrgyz Investment and Credit Bank»), № 1280096054371310 (сом), БИК 128009.

*стартовая продажная цена, указанная в долларах США, окончательно устанавливается эквивалентно в сомах по курсу Национального Банка КР на день реализации предмета залога.

Участник, выигравший повторные публичные торги, должен в течение 5 (пяти) дней внести на расчетный счет организатора торгов сумму (покупную цену) за вычетом суммы ранее внесенного гарантийного взноса.

**Телефон для справок: 0312 88 88 86, 0707 720 882, адрес: 720011, г. Бишкек, ул. Фрунзе, 429, e-mail: aimpartners.kg@ gmail.com.**

# АК БАТАНЫН ЭЭЛЕРИ

**Бүгүн биз каарманыбыз Абдиллаева Жамийла Жуманазаровна жана анын үй- бүлөсү, өмүрлүк жан шериги Мурзамидинов Мухтар Эркинович жөнүндө сөз кылмакчыбыз.**

Жамийла Абдиллаева 1969-жылы 9-августта Ноокат районунун Кыргыз-Ата айыл өкмөтүнүн Кыргыз-Ата айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Мектепте окуп жүргөн мезгилинде эле эң алдыңкы окуучулардын катарында болуп, сабактарынан мыкты окуп, "эң мыкты" деген баалар менен аяктаган. Орто мектепти аяктаган соң, Ош мамлекеттик институтунун биология факультетине тапшырып, институтту "Артыкчылык диплому" менен бүтүрөт. Айылдык мектепте он жыл бою окуучуларга сабак берип эмгектенет. Кийин ОшМУнун жетекчилиги тарабынан окуу жайдын өзү билим алган табият таануу факультетине чакырылып, студенттерге сабак бере баштайт. Ошентип, окуу жайда эмгектенгенине 20 жыл болот. Үй-бүлөлүк шартка байланыштуу азыр эс алууда. ОшМУнун "Эң мыкты окутуучусу" конкурсунун эки жолку жеңүүчүсү жана көптөгөн Ардак грамоталардын ээси болду. Өмүрлүк жолдошу Мурзамидинов Мухтар Эркинович 1965-жылы 6-мартта Төөлөс айыл аймагында колхозчунун үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Орто мектептен эң мыкты билим алган. Аскердик милдетин да абийирдүүлүк менен өтөгөн. Айылына келгенден кийин, Кызыл-Кыя шаарындагы заводдо жогорку даражадагы ширетүүчү болуп, көп жылдар бою эмгектенет. Үй-бүлөсүн бакты. Кийинки жылдары дыйкан чарбасында үзүрлүү эмгектенди.



Азыркы учурда Мухтар менен Жамийланын үч уулу, бир кызы бар. Төрт неберенин чоң атасы жана чоң энеси. Улуу уулу Мирбек англис тили мугалими, Даниэл - жеке компанияда иштейт, Шумкар- тиш дарыгери болуп иштейт.

Уулдарынан урмат-сый көрүшүп турган чактары. Атасынын 60 жылдык мааракесин, апасынын 9-август туулган күнүн белгилешти.

Кызыл-Кыя шаарындагы "Караван Сарай" кафесинде бактылуу үй-бүлөнүн жакшылыктары болду. Ага Мухтар менен Жамийланын жакын туугандары, айылдын аксакалдары, достору жана жакын санаалаштары катышышты. Уулдары жана келиндери ата-энесине арналган ырларды ырдашты, өздөрү жазган ырларды көркөм окуп беришти, ак дилден айтылган каалоо-тилектерин билдиришип, гүлдестелерди тартуулашты.

Келген коноктор да сөз сүйлөшүп, чын жүрөктөн чыккан каалоо - тилектерин билдирип жатышты.

Бактылуу үй- бүлөнүн ээлери болгон Мухтар менен Жамийлага бакыт, ынтымакчылык, тынчтык, узак өмүр, бекем ден-соолук каалашып, өмүрүңөргө өмүр улансын, тапкан балдарыңар жана неберелериңер менен аман болгула дешип коноктор ак батасын беришти.

Урмат

# КАЛККА КАДЫРМАН АК ДИЛДҮҮ АЛТЫНАЙ

**Мирзалиева Алтынай Төрөкуловна 1964-жылы Ош облусунун Ноокат районунун Арал айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Орто мектепти бүткөн соң, 1982-жылы ОМПИге (Ош мамлекеттик педагогикалык институтуна) биология факультетине тапшырып, 1987-жылы аталган окуу жайын биология мугалими адистиги боюнча ийгиликтүү аяктаган. 1987-2002-жылдары Алымкул Үсөнбаев атындагы орто мектебинде биология мугалими, 2002-2016-жылдары миграция жана жумуштуулук боюнча комитетинде башкы адис, сектор башчысы кызматтарын аркалап келген.**



2017-жылдан баштап Ноокат районунун ҮМБда (үй-бүлөлүк медицина борборунда) ден соолукту чыңдоо каанасын жетектеп иштеп келе жатат. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, Республикалык ден соолукту чыңдоо борборунун, Ош областтык мамлекеттик администрациясынын, Республикалык ден соолукту чыңдоо борборунун түштүк филиалынын, Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын, Ноокат райондук Үй-бүлөлүк медицина борборунун "Ардак грамоталары" жана башка сыйлыктар менен сыйланган.

2025-жылы Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын сунушу менен "Кыргыз Республикасынын мыкты дарыгери" жана Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо министрлигинин "Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери" сыйлыктары менен сыйланган. Үй-бүлөлүү 3 кыз, бир уулдун энеси.

Белгилесек, Ден соолукту чыңдоо кааналары ( ДЧК) ҮМБда же аймактык бейтапканаларда ачылган. Баштапкы медициналык-санитардык жардам (БМСЖ) деңгээлинде калк арасында ден соолукту чыңдоо боюнча алдын алуу программаларынын натыйжалуулугун жогорулатууга жергиликтүү коомчулукту активдештирүү жана тартуу максатында жылына КР ССМнин буйругу чыгарылып, аткарылуучу иш-чаралар бекитилип берилет.

Ошондой эле КР ССМнин 2025-жылдын 29-январындагы №76 "Аккорддук күндөрдү уюштуруу жана өткөрүү боюнча жобону бекитүү жөнүндөгү" буйругунун негизинде иш алып барылат.

ДЧК (ден соолукту чыңдоо каанасынын) адистери КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин мыйзамдарынын, буйруктарынын жана эрежелеринин негизинде иш алып барат. Саламаттык сактоо кызматы менен бирдикте, түзүлгөн пландын негизинде,ҮМБ (үй-бүлөлүк медицина борборуна) караштуу бардык айылдарга чыгышып, ден соолукту чыңдоо боюнча окуу-семинарларын уюштурушат. Ден соолукту чыңдоо каанасынын адистери -бул калктын арасында ден соолукту сактоо жана жакшыртууучу, жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын алдын алуучу, калк арасында туура тамактануу, физикалык активдүүлүк, тамеки жана спирттик ичимдиктерден баш тартуу, стресске каршы турууну алдын алууну уюштурушат.

Андан тышкары, кош бойлуулар менен, улгайган адамдар менен өзүнчө темаларда маалымат берүү, маалымат баракчаларын таркатуу жүргүзүлөт. Азыркы мезгилде жогорку коркунучтагы оорулардын (жүрөк кан тамыр оорулары, кант диабети, онкологиялык жана өпкөнүн өнөкөт бүтөлмө оорулары көп таркалган. Бул оорулар адамдан адамга жукпаганы менен тобокел факторлору жогору. Ошондуктан азыркы мезгилде ЖЭО (жугуштуу эмес оорулардын) алдын алуу боюнча Швейцария мамлекети каржылоосу менен кошумча да иш алып барылып жатат. Скрининг программаларына катышууга чакыруу, иммунизация жана эмдөө тууралуу түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт.

Ошондой эле маалыматтык – агартуу иштери, коомдук иш-чараларды уюштуруу жана калкка кеңеш берүү иш чаралары жүргүзүлөт. Брошюра, баннер, плакаттады даярдоо жана таратуу, радио, телеберүүлөргө, социалдык медиаларга материалдар чыгаруу жолго коюлган.

Мектеп окуучуларына оорулар боюнча маалымдуулукту жогорулатуу үчүн баяндама же диктант жаздыруу, спорттук иш-чаралар, жөө жүрүштөр, марафондор, ачык эшик күндөрү, акцияларды уюштуруу, максаттуу топтор менен ден соолук программалары боюнча жолугушууларды өткөрүү, мектептер жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде иш алып баруу каралган.




Медициналык эмес, бирок профилактикага багытталган кеңештер берилет. Кээде медициналык кызматкерлер (дарыгерлер, медайымдар) менен биргеликте кеңеш берүү уюштурулат. Жогоруда көрсөтүлгөн бардык иш-чаралар Ноокат ҮМБнун ДЧКнын адистери тарабынан колго алынган. КР ССМнин буйругунун негизинде ДЧКнын адистери өздөрүнө бекитилген айылдарга квартал сайын барууларды уюштурушат. Баруулар ҮМБнун бюджеттик каражаттарынын эсебинен каржыланып турулат. Тиешелүү оорулардын алдын алуу боюнча 77 айылга чыгуу чейрек сайын уюштурулуп барылат.

Азыркы мезгилде Ноокат району боюнча айылдарда 77 АДК (айылдык ден соолук комитети жана 30 мекеме-ишканаларда КДК (коомдук ден соолук комитети) түзүлүп биргеликте иш алып барышат. Аларга ДЧК адистери тарабынан ар кандай жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулар боюнча маалыматтар жеткирилип, маалымат баракчалары, брошюралар, эскертмелер, буклеттер ж.б. таркатылып турат.

АДК, КДКлар, бейөкмөт уюмдары менен биргеликте, аккорддук күндөрдө атайын семинарлар, тегерек столдор, ачык эшиктер, акциялар, жөө жүрүштөр уюштурулуп турулат. Андан тышкары районубуздагы мектептер, мектепке чейинки билим берүү мекемелери менен да иш алып баруу жолго коюлган.

Азыркы мезгилде Ноокат ҮМБнун ДЧК каанасында бир жогорку категориядагы, эки биринчи категориядагы жогорку билимдүү адистер жана эки атайын орто билими бар медкызматкерлер эмгектенет.

**Бетти даярдаган: Б.Ысакова.**